КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I -чакырылышынын XIII-кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 24-апрели **№33** Барскоон айылы

**Э.Кендирбаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин кайрылуусу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүүү жөнүндө” токтомунун 151-пунктуна ылайык, Барскоон айылындагы Э.Кендирбаев жалпы билим берүү мектебинин директору А.Амановanын жана ата-энелер комитетинин төрайымы В.Касаналиеванын кайрылуусун талкуулап, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылындагы Э.Кендирбаев жалпы билим берүү мектебинин директору А.Амановanын жана ата-энелер комитетинин төрайымы В.Касаналиеванын мектептин жанындагы жайгашкан соода түйүндөрү окуучуларга тамак-аш азыктарын көзөмөлсүз, сапатсыз сатып, жаш өспүрүмдөрдүн ден соолугунун калыптануусуна терс таасирин тийгизип жаткандыгы тууралуу кайрылуусу канагаттандырылсын.
2. Барскоон айыл аймагындагы билим берүү уюмдарынын аймагынан 100 метр радиуста тамак-аш азыктарын сатууга тыюу салынсын.
3. Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков мыйзамда көрсөтүлгөн санитардык-эпидемиологиялык нормаларды аткаруу боюнча иштерди алып барсын, ал эми буга чейин билим берүү мекемелеринин чегинде соода кылган ишкерлерге тиешелүү жерден соода кылууга жер тилкесин сунуштасын.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска